# Курманжан Датка - улут сыймыгы

**Курманжан Датканын 200 жылдык мааракесин белгилөө кыргыз эли үчүн өтө зор мааниге ээ. Мамлекет тарабынан аталган мааракени өткөрүү боюнча 16 млн. сом акча каражаты бөлүнгөн. Ушул жылдын башынан бери Датка энебизге арналган иш чаралар кызуу жүрдү. Ошентсе да жогорудагы мааракe мамлекеттик деңгээлде дүйнө элдеринен коноктор келишип, чоң**

## Алайдагы Курманжан Датканын музейи оңдолуп, түзөлдү



Алай районунун борбору Гүлчө айылында жайгашкан Курманжан Датка музейин капиталдык ремонттон өткөрүү боюнча Ош, жалал-Абад шаарларын калыбына келтирүү боюнча мамлекеттик дирекциясы тарабынан атайын тендерден 3 млн.979 миң сомдук курулуш жумуштарын уткан "Уста" ишканасы ремонттоду. Башкача айтканда музейдин чатыры толук ремонттон өткөрүлүп, тышындагы тепкичтери жана айланасындагы дубалдарга мрамор плиталар басылып чыкты. Ошондой эле музейдин ички ремонтун жасалгалоого 8 жумушчу жана сүрөтчүлөр тарабынан жасалгаланып, экспонаттарды жана сүрөттөр жайгаштырылды.

бир канча ири көчөлөрүнө асфальт төшөлдү.

Бүгүнкү күндө К.Белекбаев атындагы Алай айылдык округунун Сопу-Коргон айылынын 2км 680 метр ички жолдоруна, Гүлчө айылынын 3км 100метр ички жолдоруна асфальт төшөлдү. Гүлчө айылындагы борбордук стадионду реконструкциялоо боюнча мамлекеттик дирекция тарабынан өткөрүлгөн тендерден 4 млн 204 миң сомдук курулуш жумуштарын "Алайайылкөмөк" кооперативи утуп алып, курулуш жумуштарын бүткөрүштү. Корул айылдык окуругунун 1-май айылынын 1км 200 метр жолдоруна асфальт төшөлүп бүттү. Стадион көрктөндүрүлүп, күйөрмандар отуруучу жайлар, суу түтүкчөлөрүн орнотулуп, түнкү жарык берүүчү прожекторлор орнотулду.

## Курманжан Датканын айкели жана тартылган фильм

Курманжан Датканын 200 жылдыгына арналып, Ош шаарындагы Жапалак аймактык округунда датка энебиздин айкели ачылды. Курманжан Датканын айкели Кыргызстандагы "Сүрөтчүлөр союзу" тарабынан жасалып, ага Ош шаардык мэриясы тарабынан 2 млн сом бөлүнгөн. Айкелди скульптор Сүйүн Кожоналиев жасаган.

Жылдын башында кинорежиссер Замирбек Эралиев "Курманжан Датка" аттуу даректүү фильмин тарткан. Аталган фильм "Алай ханышасы" Курманжан датканын 200 жылдыгына арналган. Негизинен фильмдин мазмуну Курманжан датканын өз мезгилиндеги орчундуу учурлары


фондуна 210 миң сом акча каражаты каралган.

Иш чаранын программасында Курманжан датканын басып өткөн жолун чагылдыруу үчүн Алай районунун маданият кызматкерлерине Курманжан датканын 200 жылдыгын өткөрүү боюнча дирекциясы тарабынан 300 миң сом акча каражаты бөлүнгөн. Учурда артисттер театрлаштырылган оюн зоокту жогорку деңгээлде өткөрүү үчүн даяр болушту. Иш чаранын уюштуруучулары Алай ханышасынын 200 жылдык мааракесин өткөрүү менен кыргыз элинин ынтымагы дагы бир жолу чыңдалып, улуттар аралык биримдиктин пайдубалы бекемделет дешет. Анткени Курманжан датка өз мезгилинде улутуна карабай карапайым калктын жакшы турмуш кечирүүсү үчүн жан аябай күрөшүп келген.

Курманжан датка Жапалак аймактык округунда төрөлүп, киндик каны ушул жерге тамган. Мындай баатыр энелер кылымда бир жаралат. Анын эки кылым мурда жасаган эмгеги, эрдиги бүгүнкү күндө да, эртеңки күндө да актуалдуулугун жоготпойт.

Алайда Курманжан датканын 200 жылдык мааракесине арналган спорттук оюндар башталды. Учурда республиканын ар тарабынан келген спортчулар спорттун тогуз түрү менен беттешип жатышат.

## Курманжан Датканын күмбөзү



тор келишип, чоң масштабда өткөрүлө баштады. Гүлчө айылынын борбордук стадионунда иш чаранын баштапкы бөлүгү өтүүдө. Маарекеге карата уюшулган оюн-зооктор, улуттук оюндар бир күндө аягына чыкпай калгандыктан иш чара 5-6 күн болмокчу. Маарекенин алгачкы бөлүгү үчүнөн башталды. 8-октябрда бардык иш-чаралардын улуттук оюндардын финалдык баскычы болот. Маарекенин жыйынтыктоочу бөлүгү Гүлчөдөн 15 чакырым алыстыкта жайгашкан Коңур-Дөбө айылдык округунун Шамыке айылында болуп өтөт.

сүрөттөр ... тарабынан ... жасалгаланып, экспонаттарды жана сүрөттөр жайгаштырылды. Алай ханышасы Курманжан датканын 200 жылдыгына карата курулуп жаткан курулуштардын эң чоңдорунун арасында мына ушул батыр эненин музейи да бар. Анын ичин эле капиталдык ремонттон өткөрүү үчүн 4,5 млн акча каражаты бөлүнсө, музейдин сыртын оңдоого 1,5 млн акча каражаты каралган. Музейдин алдындагы датка энебиздин айкели да атайын боек чачылып жаңылантылды. Музей жетекчиси Базаргүл Абдразакованын айтымында акыркы 20 жылдан бери оңдолуп түзөлгөн эмес, ичиндеги эмеректер эскирип жараксыз абалга келип калган болчу. Учурда заман талабына жооп бере турган болуп, тарыхый нерселерди коюу үчүн эмеректер айнектен коюлду.

## Маарекеге арналып марафон өткөрүлдү

Ушул жылдын 20-сентябрында Ош шаарындагы Р.Абдыкадыров атындагы облустук филормонияда Курманжан датканын 200 жылдык маарекесине арналган марафон өткөрүлдү. Анда жалпысынан 2 млндон ашык акча каражаты топтолуп, анын 1 млндон ашык акча каражаты которуу жолу менен, ал эми 908 миңден ашык сому накталай түшкөн. Марафондон түшкөн акча каражаты "Алай ханышасына-200" коомдук фондунун эсебине которулуп, тогуз адамдан турган комиссия түзүлүп, Курманжан датканын 200 жылдык маарекесине карата жумуштарды аткарууга бөлүнүп берилген. Тактап айтканда Курманжан Датканын 200 жылдык маарекеси өтүүчү Коңур-Дөбө айылдык округунун Шамаке айылындагы 2 тайказанды курууга 68 миң сом, Гүлчө айылындагы айланпасына топурак түшүрүп, Алымбек Датка жана Курманжан датка атындагы парктарды көрктөндүрүүгө 40 миң сом жана аталган парктардын көркөм жасалгалоосуна парктардагы эстеликтердин алдына брусчатка басууга, кермогранит менен жабууга 600миң сомдун тегерегинде акча каражаты бөлүнүп берилген.

## Алай жолдоруна асфальт төшөлдү

Гүлчөлүктөр Курманжан датка энебиздин 200 жылдык маарекесинин астында таштак жолдорубуз да асфальт болуп калды деп сүйүнүп отурушат. Анткени Датка энебиздин басып өткөн жолдору, жашаган жери Алай болгондуктан тойго арналып датканын өз мезгилиндеги орчундуу учурлары камтылган. Анын эл үчүн жасаган талыкпаган эмгеги, кайратмандыгы, чечкиндүү кадамдарынын баары аты аталган филимде көрсөтүлгөн. Датканын ролун Кыргыз Республикасынын Эл артисти Жамила Сыдыкбаева ойногон.

## Китеп жана орден-сыйлык

Курманжан датканын өмүр жолун жана ишмердүүлүгүн чагылдырган "Тоо ханышасы Курманжан жана анын мезгили" аттуу китеп кытай тилинде жарык көрдү. Китепти Кыргызстандагы Кытай Эл Республикасынын элчилигинин мурдагы катчысы Чен Цзе Цзюнь кытай тилине которгон.

Кыргызстандын жогорку мамлекеттик сыйлыктарынын катарын "Курманжан датка" ордени менен толуктоо сунушу Жогорку Кеңеште жактырылды. Бул орден менен өлкөнүн ар кыл тармактарына эмгеги сиңген көрүнүктүү инсандар сыйланат.

Курманжан датканын 200 жылдыгынын урматына Ош шаардык мэриясы жана шаар мэри Мэлисбек Мырзакматов "Курманжан датка" атындагы мамлекеттик сыйлыкты уюштурууну өкмөткө сунуштады. "Курманжан Датка" мамлекеттик сыйлыгы Курманжан датка сыяктуу өз эли-жери үчүн жанын аябаган, чын-дили менен кызмат кылган аял затына гана берилмекчи. Учурда бул сунуш өкмөт тарабынан каралып жатат.

## Кароо-сынактар

"Курманжандын кырк кызы" аттуу кароо-сынак уюштурулуп, анын алкагында улуттук ат оюндары боюнча Ош облусунун ар бир районторунда күлүк чапмай, жаа атыш, жамбы атыш, кыз куумай сыяктуу улуттук спорттун түрлөрү боюнча тандап алуу турлары болуп өттү. Эң мыкты деп табылган спортчу кыздар 2011-жылдын 22-октябрында Бишкек шаарындагы "Ак кула" ат майданында болуп өтүүчү республикалык мелдешке катышышат. Ош облусунун райондорунда "Бактылуу балалык" фонду тарабынан жаш таланттардын арасында "Кыргызымдын кызгалдактары-2011" кароо-сынак фестивалдары өткөрүлдү. Мектептер арасында "Курманжан Датка-улуттун сыймыгы" аттуу темада эң мыкты дил баян сынагы уюштурулган. Райондук, облустук деңгээлде спорттук иш-чаралар өткөрүлүп, "Эң мыкты спорттук курулма жана спорт имараты" кароо-сынагынын жыйынтыктоочу туру өтүп жатат. Бул кароо сынактын жалпы сыйлык



Убагында Курманжан Датканын каза болгондугу жөнүндө орус басма сөздөрүндө некролог жарыяланган. "Туркестанские ведомости" журналынын 1907-жылдын 16-февралындагы №2834 санында "Алай ханышасы" деп аталган көлөмдүү макала басылып, анда Датканын жашап өткөн бүткүл өмүр жолунан маалымат беришкен. Датканын акыркы сапарга узатуу аземин сүрөттөп, анын өмүр жолун кеңкесири баяндаган дагы бир макала "Исторический Вестник" журналында жарык көргөн Ю.П.Ювачевдин макаласы болуп саналат.

"Курманжан Датка 1811-жылы төрөлүп, 1907-жылдын 1-февралында 96 жашында Мады айылында каза болгон. Боз үйдүн кире беришинде уулдары Асанбек, Маамытбек жана Датканын беш уулунан таркаган жүздөгөн неберелери, чеберелери тизилип турушту. Алай ханышасын акыркы сапарга миңдеген кыргыздар узатып, топурак салышты. Анын сөөгү Ош шаарынын түндүк-чыгыш тарабындагы Сар-Мазар (Сар-фарс тилинен которгондо "башкы" деген маанини билдирет) мүрзөсүнө коюлду"

Курманжан Датканын 180 жылдык маарекеси мамлекеттик деңгээлде 1991-жылы белгиленип, ошондогу мамлекеттик комиссия тарабынан Датканын мүрзөсүн калыбына келтирүү маселесин талкуулашкан. Датканын коюлган жери орто жерде болгондуктан сөөк коюлган жерди аралабастан, күмбөзү жолдун боюна, 5-6 метр берирээк жылдыруу керек деген чечимге келишкен. Анткени Сар мазарга куран окуганы келген миңдеген адамдарга четирээкте отуруп, аят түшүрүү ыңгайлуу болот деп чечишкен. Ошентип Курманжан Датканын күмбөзү кайра калыбына келтирилген.

Барчынай ОРОЗМАМАТОВА